# ЫНАК КУРБУЛАР



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЫНАК КУРБУЛАР

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ынак курбулар"(кыргыз тилинде), автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Лучшие подруги*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Алия жана Катя – ажырагыс курбулар. Алар бир класска барышат. Сабактан кийинки бош убактысын бирге өткөрүшөт. Чогуу үй тапшырмаларын жасап коюп, иттери менен ойношот. Бир секцияга барышат. Тамашалары да окшош. Жада калса, ата-энесинен окшош кийим сатып берүүнү суранышат.




Кыздар сүрөт тартуу менен алектенишет. Экөө мектептеги сүрөт конкурсуна катышмак болушту. Алия тоо көлүнүн пейзажын, Катя токойдогу гүлдүү майданды тартты. Экөө бири-бирине кеңеш айтыпты, жардам да беришти.

Калыстар тобу биринчи орунду Алияга ыйгарды. Катя болсо өзүнүн экинчи орунду ээлегенине да, досунун биринчи болгонуна да сүйүнгөн жок.




– Алия, менимче, бул туура эмес, менин токойдогу майданым сенин тоо көлүңө караганда кооз жана ачык тартылган, – деди Катя ичи күйүп.

– Эмнеге? – Алия таң кылды. – Менин сүрөтүм аябай кооз болду. Бекеринен, биринчиликти алган жокмун да. Сен тарткан ромашка менен сыя гүлдөрүң окшошпой, эптеп-септеп эле шыбалыпкалган. Мен гүлдүн желекчелерин ачыгыраак тарт деп айтпадым беле.

– Эх, сен! – Катя ызасына чыдабай, жер тепкилеп жиберди. – Толкундарды тартканга жардам бербедим беле. Мен жардам бербесем, сен биринчи орунду алмак эмессиң!

– Ушундайбы!… – деп Алия тескери бурулду. – Сенсиз эле жасамакмын.



Кыздардын талашын сүрөт мугалими Урмат Бахтиярович угуп калды.

– Кыздар, эмнеге мынча катуу кыйкырып жатасыңар? Эмне болду? – деп сурады ал.

– Алия биринчи орунга татыксыз. Мен ага сүрөт тартууга жардам бербесем, сүрөтү эч нерсеге жарамак эмес. Менин сүрөтүм эң мыкты болушу керек эле, – деди Катя.

– Чынында, сен мага эмес, мен сага жардам бергенмин! – Алия каршы болду.

– Кыздар, экөөңдүн тең сүрөтүңөр кооз экен. Катя, биринчиликти албай калганыңа таарынып жатканыңды түшүнүп турам. Курбуңдун сүрөтү мыкты болушу жана биринчиликти алышы үчүн жардам бердиң, туурабы? – деп сурады Урмат Бахтиярович.

– Ушундай, менимче, ушундай... – Катя ооз учунан үн катты.

– Демек, силер каалагандай эле болуптур да. Курбуң үчүн кубанышың керек. Сүрөт тартып көбүрөөк машыгалы. Кийинки жолу, сен биринчи болосуң, – деди мугалим.

– Баары бир, менин сүрөтүм мыкты болчу, – деп Катя айтканынан кайтпады.

Кыздар бир нече күндөн бери сүйлөшпөй калышты. Мектепте башка парталарга отуруп, сабактан чыкканда, экөө эки жакка кетет.

Алия кечинде Мартин ити менен сейилдегени чыкты. Адатта, Катя экөө паркта жолугуп, иттерин чогуу ойнотушчу. Бирок курбусу көрүнгөн жок. Алия жалгыз болуп зерикти. Катя деле курбусун сагынып жүрдү. Бирок таарынычтан улам, Дана ити менен сейилдегени башка тарапка кетти.

Кыздардын ата-энелери экөөнүн мамилелерин көрүп, тынчсызданышты.

– Катя, балким Алия менен элдешип аласың? – деди Катянын атасы, – Ал биринчи орунду өзүнө-өзү ыйгарып алган жок. Ал сени таарынтайын деген эмес да.

– Жок, – Катя атасы туура айтып жатканын билип турса да, анын сөзүнө макул болбоду.

– Алия, балким, Катяга барып сүйлөшүү керек? – деп апасы кеңешин айтты. – Ал аябай жаман болуп жүрөт.

– Жок, ал өзү баштады, – деди Алия, биринчи барып кечирим суроодон намыстанып.



Кыздар сүрөт сабагына барышты. Урмат Бахтиярович кечигип жатты. Алия жана Катя кабинеттин эшигинин жанында үн катпай турушту. Бир убакта, Алиянын папкасынан барактар түшүп кетти. Катя аларды ала коюп, кубусуна сунду.

– Карма, шалаакы-балаакы, – деди Катя.

– А сен чурчуң-бурчуң, – деп жооп берди Алия.


– Сен – чын тийбес!

– А сен – чыр-чыпалак!

– Сен чача-пача! – Катя кыткылыктай баштады.

– А сен жажа-бажа! – деп Алия бышкырып жиберди.

Кыздар бири-биринен өтүп, күлкүлүү сөздөрдү айтып, анан көздөрүнөн жаш чыкканча күлүштү. Урушкандарын таптакыр унутуп да коюшту.



– Алия, мени кечирип койчу, – деди Катя экөөнүн күлкүсү тыйылгандан кийин. – Таарынып ичим күйгөндүн ордуна, сен үчүн сүйүнүшүм керек эле.

– Мени да кечир. Сен тарткан гүлдөр укмуштуудай кооз болчу. Жардам бербесең, менин сүрөтүм биринчи орунду алмак эмес, – деди Алия.

– Кел, мындан кийин эч качан урушпайбыз, – деди Катя.

– Мен сени аябай сагындым, сенсиз кызыксыз болот экен, – деп жооп берди Алия.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли